# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Жакшыбай Асановдун кайрылуусун
өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2017-жылдын 24- апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы: Ж.И. Саалаев, А.О. Нарынбекова, Ч.О. Осмонованын курамында, катчы С. А. Джолгокпаеванын катышуусунда жаран Жакшыбай Асановдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 24-мартында жаран Ж. Асанов Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 374 «Эмгектин зыяндуу шартында иштегендерге сүт жана башка ага теңештирилген тамак-аш азыктарын, самын, кир жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды акысыз берүү жөнүндө» токтомун конституциялык эмес деп таануу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган.

Ж. Асановдун айтымында, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 219-беренесинин экинчи, үчүнчү абзацтарына ылайык эмгек шарттары өзгөчө зыяндуу жумушта иштегендерге белгиленген ченем боюнча дарылоо-профилактикалык тамак-аш акысыз берилет; сүт жана башка ага тете тамак-аш азыктарын, ошондой эле дарылоо-профилактикалык тамак-аш берүү ченеми жана эрежеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте аныкталат.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнө, 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 1-бөлүгүнө жана Эмгек кодексинин 219-беренесинин экинчи, үчүнчү абзацтарына карабастан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогоруда аталган токтомунда сүт же ага тете башка тамак-аш азыктары жөнүндө чала жазылып, ал эми дарылоо-профилактикалык акысыз тамак-аш жөнүндө эч нерсе жазылбай калган.

Арыздануучу, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттери «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамдын 32-беренесинин 1-бөлүгү, 34-беренесинин 1-бөлүгү жана Кыргыз Республикасын Конституциясынын 76-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган милдеттерин аткарбастан, Эмгек кодексинин 219-беренесинин экинчи, үчүнчү абзацтарынын жүзөгө ашырылышын көзөмөлдөөнү жана коллизияны жоюу үчүн жүргүзүлө турган ченемдик укуктук актылардын үзгүлтүксүз мониторингин жүргүзүшкөн эмес деп белгилейт.

Ошондой эле, кайрылуучу өз өтүнүчүндө, Өкмөт, Премьер-министр жана аткаруу бийлигинин бардык органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 88-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана 89-беренесинин ченемдик жоболорун бузуп, Эмгек кодексинин 219-беренесинин экинчи, үчүнчү абзацтарынын аткарылышын камсыздаган эмес, ченемдердин милдеттүү түрдө аткарылбай калышы Токтогул ГЭСинин каскадында гана эмес, Токтогул районунун жана Каракөл шаарынын бардык эмгекчилерин эркиндиктеринен ажыратып, жеңилдиктер менен компенсациялардан куру калтырды деп белгилейт.

Жогорулардын негизинде, Ж. Асанов расмий түшүндүрмө алуу үчүн Жогорку Кеңешке, Өкмөткө сунуштама киргизүүнү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 374 «Эмгектин зыяндуу шартында иштегендерге сүт жана башка ага теңештирилген тамак-

аш азыктарын, самын, кир жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды акысыз берүү жөнүндө» токтомун Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 219-беренесинин экинчи, үчүнчү абзацтарына жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде кайрылуу боюнча текшерүүнү жүргүзгөн судья Ж.И. Саалаевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Талаш жаратуучу ченем жана типтүү жобо кайрылуучу көрсөткөн конституциялык ченем менен тутумдук өз ара байланышта турбайт. Ошондуктан, талашылып жаткан токтомдун Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде конституциялык өндүрүштү козгоо үчүн милдеттүү негиз болгон күмөндүүлүктүн пайда болуусу байкалбайт.

Ал эми, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 24-беренесине ылайык ишти Конституциялык палатада кароого негиз болуп мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдин же Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбоорунун Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу эсептелет.

Ошону менен бирге, Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы кайрылуучу тараптын өтүнүчүндө көрсөтүлгөндөй, расмий түшүндүрмө алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама киргизүү жөнүндө өтүнүч тууралуу төмөнкүнү белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт. Ушуга байланыштуу, Жогорку Кеңешке, Өкмөткө сунуштама киргизүү менен алардын ишине кийлигишүүгө Конституциялык палатанын укугу жок.

Демек, Ж. Асановдун кайрылуусу мазмуну жана таризи боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 24, 25-беренелеринин талаптарына ылайык келбейт, кайрылууда көрсөтүлгөн талаптар Конституциялык палатага караштуу эмес жана аны конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого негиз жок.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 24-беренесин, 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран Жакшыбай Асановдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар кайрылуучуга кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанылышы мүмкүн.

**Судьялар коллегиясы:**

Саалаев Ж.И.

Нарынбекова А.О.

Осмонова Ч.О.

№ 21-о